**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 17 – февралы №20/68**

**Кызыл-Кыя РЭТнын 2022-жылда аткарган иштери жана азыркы күндө шаардагы трансформаторлорду балансха алуу иштери жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кенештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 23-январындагы № 27 протоколуна негиз**,** Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя РЭТнын 2022-жылда аткарган иштери жана азыркы күндө шаардагы трансформаторлорду балансха алуу иштери жөнүндө Кызыл-Кыя РЭТнын башчысынын маалыматы эске алынсын.

2. Кызыл-Кыя РЭТнын башчысы Н.К.Ташановко:
   - шаар калкынын жана мекеме –ишканалардын электр энергияны пайдаланууда лимиттен ашырбоо жана электр энергияны үнөмдөө боюнча иш-чараларды жүргүзүү жагын көзөмөлдөө ;
   - шаар аймагындагы электр мамычаларынын жана трансформаторлордун абалын такай көзөмөлдөп туруусу жана аларды балансха алуу иштерин активдештирүү;
   -РЭТ тарабынан балансха алынбаган 21 даана трансформаторду балансха алууну 3 айга чейин аяктоону жана электрэнергияга мыйзамсыз уланып алган абоненттерди үзүп, аны калыбына келтирүү иштерин 6 ай ичинде аягына чыгаруу жагы милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**